ШАКИРОВА Д.К.

nbknu@mail.ru

КЫРГЫЗ ЭТНОМАДАНИЯТЫНЫН УЧУРДАГЫ ЧЫГЫШ-БАТЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАР ДИАЛОГУНАН АЛГАН ОРДУ

Дүйнөнүн башка мамлекеттериндей эле мурдагы СССРдин дээрлик баардык республикаларында, алардын ичинде Кыргызстанда элдин массалык аң-сезиминдеги тарыхый эс-тутумду актуалдаштыруу процесси кескин күч алып, “этникалык кайра жаралуу” феномени ачык байкалууда. Мындай көрүнүштүн негизги себептери катары тёмёнкъ факторлорду атоого болот:

а) этностордун колониалдык империялар менен 70 жылдан ашуун мезгил бою советтик идеология тарабынан таңууланган маданий, коомдук-саясий деформацияларды четке кагууга болгон далалаты;

б) этникалык жамааттардын ИТР, урбанизация, массалык миграция, теьдегич (нивелирлрлёёчъ) тенденциялар сыяктуу объективдъъ процесстерге, о.э. жашоо-турмуштун унификация, глобализация, вестернизация жана американизация өңдүү образдарына каршы багытталган реакциясы.

Демек, учурда дүйнөлүк масштабда болуп жаткан мамлекеттер жана улуттар аралык мамилелердин чөйрөсү карама-каршылыктуу жана ар тараптуу процесстер менен коштолгону байкалган. Бир жагынан, айрым этностук жана улуттук айырмачылыктарды өзгөчөлүктөрдү начарлатууга, жок кылууга багытталган интернационалдаштыруу, интеграциялоо процесстери күч алса, экинчи жагынан, көптөгөн элдерде “этникалык маданиятты өстүрүү тенденциясы” [1] жанданган. Англиялык социолог жана тарыхчы А. Смиттин пикирине ылайык, “Глобалдуулуктун шартына карабастан, түбөлүктүү руханий мурас болуп саналган этностордун мифтери менен эс-тутуму көөнөрбөй, жаңы шартта алар эклектикалуу маданиятты түзүп, өз жашоосун андан ары уланта бермекчи" [2]. Берилген проблематиканын негизинде технотектүү цивилизация менен салттуу коомдун ортосундагы алака тууралуу мамилени коюп, ааламдашуунун (глобализациянын) шарттарында аргасыз модернизацияланып, трансформацияланып, өзгөрүп бара жаткан салттуу коомдогу этномаданияттын орду менен ролу тууралуу сөз кылууну ылайык таптык.

Байыркы мезгилдерден бери Борбордук Азиянын тарыхында Теңир-Тоону мекендеген кыргыздар татыктуу орунду ээлеп келе жаткандыгын жазма булактар менен этнографиялык изилдөөлөр күбөлөп келет. Кыргыздар коьшу элдер менен активдүү алакада болуп, алардын маданиятын өзүнүкүнө жуурулуштургандыгына карабастан, эч бир элге окшобогон уникалдуу этникалык аң-сезимге, иденттүүлүккө, кулк-мүнөзгө, менталдуулукка, маданиятка, көчмөндөргө мүнөздүү кайталангыс архетипке, баалуулук системасына, чарба жүргүзүү ыкмаларына ээ.

Башка этникалык топтордон маңыздуу өзгөчөлөнгөн белгилери аркылуу гана этникалык топ өздүк улуттук аң-сезим менен этномаданиятка ээ боло алышат. Ошентип, бөтөнчөлөнүү, же дифференциация 1) тил; 2) элдик билимдер; 3) элдик искусство; 4) материалдык маданият (улуттук кийим-кече, турак-жай, идиш-аяк, тамак-аш ж.б.); 5) улуттук каада-салттар менен ырым-жырымдар; 5) элдин этикасы; 6) элдик философия жана тарбиялоонун салттык системасы; 7) элдик медицина [3] ж.б. маданий генофонддун белгилери аркылуу «биз» менен «чоочундун» ортосундагы айырмачылыкты аныктоого көмөк берет.

Көптөн күткөн саясий эркиндикке ээ болуу менен Совет бийлигинин тоталдуу көзөмөлдүгүнөн кутулуу постсоветтик өлкөлөрдө, алардын ичинде Кыргыз Республикасында да чечүүнү талап кылган бир кыйла социалдык-экономикалык

маселелердин пайда болушу менен коштолду. Жалпы жонунан мындай маселелер рухий дөөлөттөр менен коллективизм үстөмдүк кылган Чыгыш цивилизациясынын чегиндеги тарыхый өнүгүүсүндө капитализмди аттап, феодализмден социализмге секирик сымал өтүп кеткен кыргыз элинин материалдуулуктун культун эш туткан Батыштан экспорттолуп келген демократия, эркиндик, рынок мамилелери, индивидуализм ж.б. жаңы баалуулуктарга психологиялык да, социалдык да, экономикалык да жактан даяр эместиги менен байланышкан.

Модернизациялоонун бүгүнкү күндөгү теориясы элдерди жалпы дүйнөнүн өүүтүндө өнүктүрүп, салттуу коомдун структураларын базар (рынок) экономикасына ээ заманбап, индустриалдык коомго өткөрүүнү ниет кылууда. XX кылымдын 60-жылдарында Батыш социологиясында “индустриалдык коом” [4] деп аталган теория өнүктүрүлө баштаган. Учурдагы индустриалдык коом үчүн илим менен билим берүү эң алдыңкы орунда турган өзгөчө мүнөздөгү социалдык структуралар мүнөздүү. 70-жылдарда индустриалдык коомдун уландысы катары “постиндустриалдык коом” теориясы пайда болгон. Постиндустриализм “информациялык коом”, “электрондук коом”, “компьютердик коом”, ж.б. деп аталган “жаңы” коомдор менен цивилизациялардын бүтүндөй бир гаммасынан турат. Илимий адабиятта аталган жаңы коомдордун ичинен “информациялык коомго” гана төмөнкүчө аныктама берилген: ««Информациялык коом» (информационное общество) термини XX кылымдын 80-жылдарынын башында социология илиминде пайда болгон. Анын жаралышына компьютерди келечектеги турмушту жана иш-аракетти жөнгө салгыч катары чагылдырган информатиканын жана коммерциялык рекламанын дүркүрөп өнүгүшъ зор көмөк берген. Илимий адабиятта информациялык коом деп информация жана анын пайдалануу деңгээли коомдун экономикалык өнүгүшүнө жана андагы социомаданий өзгөрүүлөргө зор таасир тийгизген коом түшүнүлөт. Д. Белл, Масуда ж.б. батыш социологдору информациялык коом түшүнүгү турмуштун баардык чөйрөлөрүн өз кучагына алган жалпылоо болуп саналат: техникалык чөйрөдө – информациялык технологияларды коомдун өндүрүш, экономикалык, ишкер, билим берүү жана турмуш-тиричилик чөйрүүлөрүнө кеңири киргизилет; экономикалык чөйрөдө информация товарга айланат; социалдык чөйрөдө информация турмуш-тиричилик сапатын өзгөртүүнүн негизги фактору болуп калат; саясий чөйрөдө информация пикир алышууну камсыз кылат жана ар кандай информацияга эркин түрдө ээ болууну мүмкүн кылат; маданий чөйрөдө информация алмашуу жаьы коомдун керектөөлөрүнө жооп берген жана аларга ылайык келген нормалар менен баалуулуктарды калыптандырууга жардам берет» [5].

Жогоруда аталган «жаңы коомдор» технологиялык төңкөрүштөр коомдун өндүрүш күчүндөгү гана эмес, адамдардын жашоо-тиричилигиндеги да терең өзгөрүүлөргө алып келет деп баса белгилешет. Демек, бул жоболорго ылайык ар кандай маданийдоорлор катар жашаган тарыхтын диахрондук мезгили аяктап, кийинки миң жылдыкта баардык этностор бирдиктүү социомаданий биримдикке биригээр учур келди. Бирок, кылымдар карыткан көөнөрбөс руханий мураска негизделген карт маданиятка ээ кыргыз коому мындай өзгөрүүлөргө даярбы? - деген мыйзам ченемдүү суроо туулат.

Чыгыш цивилизациясы, анын ичинде кыргыздар рухий маданиятка өзгөчө ынтаа коюп, ыйманы, бир кыйла кылымдарды карыткан каада-салты, коллективдүүлүгү («эл эмне дейт?» принциби), тоталитаризми, же авторитаризми, эртеңки күн менен түбөлүктүүлүктү ойлоп жашоо, ыкшоолугу, түнттүгү, табышмактуулугу, логикага, же акылга сыйбаган иррационалдуулугу менен бөтөнчөлөнөт. Чыгыштан Батышты карай жортуул жасап, дүйнөлүк маданиятка өчпөс из калтырган Чыңгызхандын «мураскорлору» болуп саналган орустар менен кыргыздар европалыктардын карандай акыл-эске сугарылган менталитетине эмес, азиялыктарга таандык алпейим мүнөзгө ээ. Ошол себептен, алар изилденип жаткан мезгилге чейин тыйын, же майда-чүйдө менен эсептешкен эмес (образдуу айтканда, эреже катары, кыргыздар сайдын жээгиндеги ташты санаса, соодагер Батыш маданиятынын өкүлдөрү андагы кумду санайт), ашыкча баш оорутуп, ойлонуп олтурбайт; алар «Сталин үчүн», же «Мекен үчүн» бекер өлүүгө даяр,

орус партизаны азап менен коштолгон тепкиден өлүп бара жатса да, жашыруун сырды ачыкка чыгарбайт; нукура кыргыз адамы балдары ачка олтурса да, «Манастан Чубак кем бекен» принцибине салып «Көкөтөйдүн ашын» берүүгө, же коногуна акыркы коюн союп, татыктуу узатып коюуга даяр. Демек, европалыктар, же Батыш цивилизациясынын өкүлдөрү орустардын «табышмактуу жан дүйнөсү» («загадочная русская душа») менен кыргыздардын жылаңач баатырлыгын (альтруизмин) илимдин, акылдын же логиканын жардамы менен эч качан түшүнө да, түшүндүрө да алышпайт. Атактуу орус акыны Ф. Тютчев «Россию умом не понять, аршинами общими не измерить. У России особая стать, в нее можно только верить» деп жазса, Л. Гумилев кыргыздын ой жүгүрткөнү турмуштук тажрыйбага мол улгайган адамдыкындай болгону менен, кулк-мүнөзү чалпоо кыял жаш баланыкындай, ошол себептен ал иш-аракетин алдын ала пландабастан, илгери үмүт менен жашайт дейт [6].

СССР кулагандан кийин, б.а. изилдөөгө тартылган жылдары мурдагы совет элине илимий адабиятта «кока-колонизация» (кока-кола жана колонизация деген сөздөрдөн алынган) деп аталган процессти, же Батыштын (басымдуу түрдө Американын) жат, чоочун маданиятын башка этносторго тңьуулоо тенденциясы күч алууда. Демек, бул процесс Чыгыштын рухий маданиятын, бай нарк-насилин акырындык менен сыртка сүрүп чыгарып, аларга өздөрүнүн акча менен жеке керт баштын кызыкчылыгына негизделген «одоно» маданиятын сунуш кылат. Жөнөкөйлөштүрүп, каймана түрдө айтканда, кыргыздын адамды тамшандырган, ден соолукка пайдалуу кымызын, максымын, бешбармагын, палоосун химияга нык сугарылган, формасы (кооз бутылка, этикатка ж.б.) болгон менен мазмуну жок «Кока-кола», «Фанта», ар кандай сорттогу пиво, алкоголдук ичимдиктер, тез даяр боло калчу кургак тамактар ж.б. акырындык менен сүргүлөй баштады. Бизге өз дөөлөттөрүн таңууланган Батыш тарабынан этникалык маданияттын мындай басмырланышын Ч. Айтматов «манкуртизм» [7] деп таамай атаган да, мындай механикалык гибридизация (аргындаштыруу) сөзсүз түрдө цивилизациялардын кагылышын [8], социалдык жаьжалды (конфликтти), же иренжигендикти пайда кылбай койбойт деген пикирдебиз.

Айтматовдун көз карашында Батыш маданиятын сокур кабыл алуу кыргыздарды маргинал гана эмес, манкурт болууга да алып келет. Батыш-Чыгыш маданиятынын ортосунда чалынган маргиналдан айырмаланып, манкурт өз маданиятын толугу менен унутат да, Батыш маданиятынын өзүнө жат, чоочун элементтерин толук өздөштүрөт. Тилекке каршы, аны Батыш да, Чыгыш да маданияты кабыл албай, ал изгойго (түрткүнчүккө) айланат. Ал Батыш төлөгөн акча үчүн Жоломан өз энесин жалданып өлтүргөндөй, өз маданиятын өлтүрүүгө даяр. Ошол себептен, айрым жаш изилдөөчүлөр Г. Гачевдин төмөнкүдөй сөздөрүнө арбын кайрылышат[9]: «Адамзаттын өзү да жердеги кентавр (грек мифологиясындагы жарымы адам, жарымы жылкы болгон жандык – Аалиева Н. К.) болуп саналат эмеспи! Ал жаратылышты ат сымал токуп минип, балакай айланткан дөңгөлөк сыяктуу ага өзүнүн улам оор кесепеттер менен коштолгон «тарыхый дөңгөлөгүн» чимиртип бара жатат… Ал эми Жер болсо жаныбар Гълсары ат сымал өзүнүн дүйнөлүк мейкиндик менен тарыхтын ортосундагы жүгүрүгүн улантып келет. Асыл тукум жылкы баласы Гълсарыны бычып, уруунун байыркы колдоочусу Бугу-Энени аракка ууланып алып мууздап өлтүрүп, жеп салган сыяктуу, тарыхый окуялар да акырындык менен өз өзөгү болгон Жер-Энени тукум курут кылып, өлтүрүп тынбаса болду…» [10].

Адабияттар:

1. Несбитт Д., Эбурдин П. Что нас ждет в 90-е годы. Мегатенденции: Год 2000. Десять новых направлений на 90-е годы. – М., 1992. – С. 173.
2. Smith A. D. European Unity // International affairs. – Cambridge, 1992. – Vo. 1. 68. – N. 1. – P. 27.

3. Молдобаев К. Этносоциальная память, идентичность и глобализация. – Бишкек, 2005. – С. 52.

4. Караьыз: Антология русской классической социологии. — М., 1995; Буржуазная философия XX в. — М., 1974; Буржуазная философия кануна и начала империализма / Под ред. Богомолова А. С., Нарского И. С. и др. — М., 1988; История современной зарубежной философии. — СПБ., 1997; Краткий словарь по социологии. - М., 1989; Лавров П. Л. Философия и социология // Лавров П. Л. Избр. произв. В 2-х тт. — М., 1965; Рассел Б. История западной философии и ее связи с политическими и социальными исследованиями от античности до наших дней. — Новосибирск, 1999; Современная буржуазная философия. — М., 1972; Современная западная психология: Словарь. — М., 1987; Современная западная социология: Словарь. — М., 1998; Современная западная философия: Словарь. — М., 1998; Современный философский словарь. — М., Бишкек, Екатеринбург. 1996; Социальная философия: Хрестоматия. В 2-х тт. — М., 1994; Степан В. С., Горохов В. Г., Розов М. А. Философия науки и техники. — М., 1995; Юшкевич П. С. О сущности философии (К психологии философского миросозерцания) // На переломе: Философские дискуссии 20-х годов. — М., 1990.

5. Философия. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004. – С.

6. Караьыз: Гумилев Л. Н. Этногенез и биосфера земли. – Л., 1990; Гумилев Л. Н. Этнос и категория времени // История СССР. – Л., 1970. – Вып. 6.

7. Айтматов Ч. Т. Кылым карытаар бир кън // Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Тёртънчъ том. 5-379-беттер. – Бишкек, 2008.

8. Караьыз: Тойнби А. Дж. Цивилизация перед судом истории. – М.: Прогресс; Культура, 1996. – С. 155-196; Хантингтон С. Столкновение цивилизаций // Полис. – 1994. - № 1. – С. 33.

9. Аалиева Н. К. Ааламдаштыруу (глобализация) процесстеринин шарттарындагы Чыгыш менен Батыштын экологиялык маданиятындагы жалпылыктар менен айырмачылыктар // Вестник КНУ. - Серия 1: Гуманитарные науки. – Вып. 6. История, археология, этнография. – Бишкек: КНУ, 2007. – С. 8-12.

Гачев Г. Чингиз Айтматов и мировая литература. – Фрунзе: Кыргызстан